Гыламидин Абдрахманов

# "ТАЖИК" ЭТНОСУ



анын пайда болушу, кыргыз эли менен кандаш эл экендиги жана айрым элдүү пункттардын канайча болуп фарсы тилинде айтылып калгандыгы тууралуу даректүү маалыматтар.

«Саң-Сарай» (Таш-Ордо) гарыхый
Этнографиялык музей коругу

Баткен 2021

**Ата-энеден ажырап жетим болбо,**
**Эли-журтсуз тентиген кемтик болбо.**
**Айланаңы сүйбөгөн шакоо сымал,**
**Ата-тегин билбеген тексиз болбо.**



- **Элин коргоп эр болуу – Эне сүтүн актаганы,**
  **Жерин коргоп шер болуу – Ата намысын сактаганы.**

- **Эл-жер тарыхын айта жүр, элиң баалар баркыңды.**
  **Бабалар даңкын айта жүр, уурпагың билер наркыңды.**

- **Замандын тамыры тарых, мөмөсү келечек.**

- **Тарыхын жоготкон эл - кууруган дарак сымал,**
  **башкалардын очогунда отун болууга гана жарайт.**

- **Кара чыкса данынан, наның бузулар.**
  **Жаман чыкса араңдан, элиң бузулар.**

- **Кой аксагы менен миң болбой калсын,**
  **Адам акмагы менен журт болбой калсын.**

- **Тарых тепкичи канчалык бийик болсо,**
  **келечек ошончолук кенен көрүнөт.**

**Гыламидин Абдрахманов**

# "ТАЖИК" ЭТНОСУ

**анын пайда болушу, кыргыз эли менен кандаш эл экендиги жана айрым элдүү пункттардын кандайча болуп фарсы тилинде айтылып калгандыгы тууралуу даректүү маалыматтар.**

**3-басылышы**

БАТКЕН ОБЛУСТУК КИТЕПКАНАСЫ
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА

**«Сац-Сарай» (Таш-Ордо) тарыхый Этнографиялык музей коругу**

**Баткен 2021**

# I. Баяндын баяндалышына баане

Ар кандай эле элдин өлбөс-өчпөстүгү, өздөрүнүн өтмүш-тарыхтарын сактап келгендигине байланыштуу болот эмеспи. Амир Тимурдун ордосундагы ойчул Токтогул ырчы: "Тарыхынан ажыраган эл өзүнөн өзү жок болуп кетет" десе, Адольф Гитлердин жарчысы Гиммлер: "Кайсы бир элдин тарыхын жок кылсаң, бир топ мезгил өтүп алар мал сыяктуу толпага айланып калат, анан кул катары каалаган тарапка айдап кете берсе боло берет" деп айткан экен.

"Кылыч мизинен да акыл мизи курч келет" демекчи, дайыма кошуна эл менен жанаша жашоодо эки элди ынтымакка, биримдикке алып бара турган тарыхый маалыматтар менен тааныш болуп жүрүү абзел.

1970-жылдагы, айрыкча 2021-жылдын 28-29-апрель күндөрү Баткен обл аймагына Тажик Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн провокатордук кол салышы, 40ка жакын кырчындай жаштардын, жаш балдардын окко учушу, 100дөн ашуусу майып болушу, үйлөрдүн, билим берүү, медицина мекемелеринин имараттары өрттөлүп тонолушу, ал турсун айрым имараттарга тажиктердин желектеринин илинип жатышы, ушулардын бардыгына көптөн бери кыргыз жерине, кыргыз элине карата милитаристик коркунучтуу көз караш негиз да, себеп да болгонун айтпай кетүүгө болбойт.

Ал коркунучтуу көз караш качан кантип, жаралган эле? 1960-70-жылдары Варух айылынан Сангинов деген "Баткен аймагы биздин жерлер, андагы аталыштар далил" деп чыгып, акыр түбү "Ак-Сай жаңжалы" келип чыгат. Тажик ССРинин жогорку бийлиги милитаристтик бул көз караштты басуунун ордуна, кагылышууга алып келген идеологиянын ээси Сангиновду Тажик ЛКСМдин I катчысына алып барат. Анын пикири тажик элинин ичинде кара тумандай жайылып, кыргыз жерлерине көз артуусуна шыкак болуп, түбү бир, кандаш эки элдин ортосуна оңолгус чок ташталат.

Баткен жеринин, элинин тарыхынан, кошуна элдин өтмүшүнөн кабары жок башчылар айрым аталыштарды өзгөртө башташат. "Таңги" Капчыгай, "Гөйстам" Көк-Таш, "Говсувар" Үч-Дөбө, "Раут-Каут" Кара-Бак, "Роут" Жаңырык, "Палал" Кайыңды болуп өзгөртүлөт.

Анан эмне болду, тынчып калдыбы?!

Тажиктер "мына, фарсы тилинде аталган жерлердин аттарын өзгөртүп жатышат, ал жерлер кыргыздардыкы болгондо мындай жолго барышмак эмес" дешип чуу чыгарышат. Өзгөртүүлөр натыйжа бербей, тескерисинен тажиктердин айтканына көнгөндөй абал жаратат.

Өзүбүздүн жана кошуна элдин өтмүш тарыхын билбегендик ушундай кесепетти алып келип, натыйжада идеологиялык майданда чоң утулуш болду.

1985-95 ж.ж. Эл депутаттарынын Баткен райондук аткаруу комитеинин маданият бөлүмүн жетектеп, кошуна Исфара районунун маданият тармагы менен бири брибизди чакырып, достук байланышыбыз, карым-катнашыбыз күчөй баштайт. Эки райондун ортосундагы соода-сатыктын жанданышына да чогуу күч үрөп, ортодогу сууй түшкөн абал жеңилдей баштайт. Исфаралыктар Варух элиндеги кыргыздарга карата мамилесин жактырышпайт болучу.

Ошондой достук байланыш күчөп турган учурда, Исфара шаардык (райондук) маданият бөлүмүнүн башчысынын орун басары болуп "атактуу" Сангинов дайындалып келет. Душанбе аны өзүнөн обочолонтуп Исфара районунун III катчысы кылып жиберип, ошол жерден «төмөндөп» келген кербези экен.

Таанышууга чакырылып барып калдым, маданият бөлүмүндө "кыргыз-тажик элдеринин ынтымагына доо кетирип жүргөн бузуку" дешип жактырбаган маанайды байкадым. Ошол мезгилдеги жашап турган ынтымакка шүгүр кылып, ал сөзгө анча маани берген эмес элем. Мезгил өтүп, Сангинов Исфара шаардык паркка директор болуп дайындалып, ага да чакырылып, бедек-бечкегимди кошо алып алган элем.

Банкетке Исфара районунун идеология өкүлдөрү чакырылып, конок катары мени төргө, Сангиновдун жанына олтургузушту. "Үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы" демекчи, Сангинов кайрадан "Баткен жерлери тажиктер жашап келген жерлер, аттары айтып турбайбы" деп сөз баштап калды. Унчукпай коюуга мүмкүн эмес эле. Колумда "тажик" этносунун кандайча пайда болгондугу тууралуу Солдатзенин "Авицена", кандайча болуп "тажик" аталып калгандыгы тууралуу Б.Гафуровдун "Тожикон" (Тажиктер) деген эки томдугу бар болучу. Мына ушул эки китептен окуп берип, анын сөзүнө татыктуу жооп берилген блучу.

Дагын бир окуя, Баткен облусу жаңыдан түзүлгөн учурда, облустун официалдуу өкүлдөрү, губернатор орун басары баш болуп, обулустун күч орган башчылары кыргыз-тажик элдеринин коопсуздугун камсыз кылуу программасында Хоженд шаарына барышат.

Сүйлөшүүдөн кийин, тажик туугандардан бирөөсү "Кыргыздар Алтай, Энисейден келишкен, туурабы?" десе, биздин өкүлдөр "Туура!" деп жооп беришет. Анда тиги: "Мына, кыргыздар өздөрү айтып жатышат, алар кайдан келишкендерин, Баткен аймагы тажиктердин жери, ага фарсы тилиндеги топонимикалык аталыштар да көбө болуп турат" дейт азил-чыны аралаш. Сангиновдун эл бузар "идеологиясы" тажик элинин гана эмес, жогорку чиновниктеринин арасында да жөө тумандай жайылып кеткени ушул жолугушууда да байкалат.

Чындап эле, Баткен, Кадамжай, Лейлек райондор аймактарында айрым айылдардын аттары фарсы тилинде арбын жолугат. Эмне себептен, алмусактан бери жерине ала бутту аралатпай келген кыргыздар жашап турган аймакта, тажик аттуунун буту баспаган, бир да жерде көрүстөнү жок болсо да айрым элдүү пункттардын аттары фарсы тилинде кантип аталып калган?

***Бул суроолорго жоопту кыргыз булактарынан эмес, тажиктердин өздөрүнүн бурмаланбаган, таза сакталып калган тарыхый булактарынан көрсөтүп берейин.***

***Кызыгы, эң алгачкы байыркы фарсы тарыхчысы болгон Наршахи жазып калтырган маалыматтарды андан кийинки тарыхчылар пайдаланышып, бирок, өтө орчундуу жерлерин, "тажик" этностунун кандайча пайда болгондугун таштап коюшуп, акырында, ачык жазылып калган фактылар, маалыматтар бүгүнкү тажик тарыхында кездешпей калган. Эмне себептен? Балким, "тажик" этносун улуу кылып көрсөтүүдө кедергиси тийет деп чочулашкандыр. Анда, тажик эли (чиновниктери да, аалымдары да) "тажик" этносу кайдан, кантип пайда болгондугу тууралу малыматты билишпейт турбайбы деген жүйөлүү бүтүм жаралат.***

Бул маселеге өзүнчө токтолобу.

2021-жылдын 28-29-апрель күндөрүндөгү окуялар учурунда тажик блогерлери "Баткен тажик жери, «Боткон» деген тажикче аталып турбайбы?" дешип жазыша башташат. Ошондон уламбы, Баткен элинин ичинде "Баткен" деген сөздү өзгөртүүгө аракет болуп жатыптыр деген айың сөз айтыла баштайт.

Чындап эле ошондойбу? Балким бул аталыштын сыймыктана турган түпкү мааниси бардыр? "Баткен" деген аталыш кайдан, кантип чыккан эле? Мындай аталыштын айланасында ушул күнгө чейин уюбаган кайчы пикирлер жашап келет. Тарыхтан кабары жок айрым "билермандар" бул аталышты түрдүүчө "бат" деген уулу чөп арбын болгондон дешсе, дагын бирлери, тажик тилин өздөштүрбөй туруп "шамалдын кени" деп чечмелеп да жүрүшөт.

Талдап көрөлү:

1. "Бат" деген уулу чөптөн ошондой аталып калган болсо, анда ал уулуу чөптү ким көрдү, кайсы мал кырылды, жооп жок! Билбесе да билген болуп, чын төгүнүнө жетпей, "айтты эле" деп андан ары улап айткан да уят, топонимика илими да жол бербейт.
2. "Шамалдын кени" деп атоо туура эмес, анткени, фарсыча "боткон" деген сөздүн мааниси "жанга жагымдуу керимсел абанын кени" маанисин берет.

Эгер чындап эле алгач "Боткон" аталган болсо, ошол бойдон эле аталып калмак. Албетте, бул аталышты тажиктер өздөрүнчө чечмелегенге аракет кылышат, бирок өкүнүчтүүсү, кыргыз тараптын тарыхтан кабары болбой, "Баткен тажиктердики" деген айтуулардын алдында алсыз болуп калууда.

"Баткен" сөзүнүн мындайча чечмеленишине түптүү баткендиктер канааттанбай, жаштайынан эле бул сөздү ыйык тутушуп, ага сыймыктанып келишет. Алар бул эки түрдүү аталышка ишенишпейт, бирок ишенимдүү туура жоопко да мухтаж экендиктери байкалып келет.

Мындай абалдан чочулап, тарыхтан кабары жок түркөйлөр "битинен коркуп штанын отко салды" болуп "Баткен" сөзүн өзгөртүшсө, "биздин жердин аталышын өзгөртүп жатышат, эгер ал кыргыздын жери болгондо, кыргызча аталганда минтишпейт эле да?!" деген сөз чыгып, кайра өзүбүздүн жерибизди "силердики экен" деген тыянакты өзүбүз берген болуп калабыз.

"Баткен" деген аталыш биздин эрага чейин 1000 жыл ары кытай летопистеринде жазылып калыптыр. Ал эми "тажик" этносу (эли) 736-жылы, "Баткен" аталышынан дээрлик 1736-жылдан кийин жаралып, кыргызча эле маани берип жатса, фарсыча "боткон" сөзүнө окшош болсо эле тажиктин жери болуп калбайт.

Анан да, бул аймакта бир да тажиктин эмес, анын итинин өлүгү да көмүлбөсө, мазары жок болсо, анан бул жерлер тажиктин жери болуп калмак беле!?

Баткенде "кыргыздын таш паспорту" деген ат менен белгилүү болгон, кыргыздын өтө байыркы жашоосун чагылдырган таш сүрөттөр арбын жолугат. Албетте буларга жергиликтүү бийлик маани берип, КР ИАнын илимпоздорун чакырып изилдетип, сүрөттүү таштар, Баткен жеринин жана элинин тарыхы, менталитети тууралуу илимий маалыматтар экспонат болуп музейде турушу абзел. Ошондо гана Баткен аймагы тууралуу ишенимдүү көз караш калыптанат, башка айла жок. ***Өкүнүчтүүсү, Баткен облусунун тарых музейи жок.***

Тарыхка назар кылсак, б.э.ч. 10 кылым нары кытай тарых булактарында кыргыздар жашаган аймактардын батыш тарабында тоо кен байлыктары арбын экендиги жазылып калган экен. Мына ошондо "Батыш кендери" деп аталган өрөөн бара-бара "Баткен" деп аталып калгандыгы талаш жарата албайт. Бул аймакта б.э.ч. кытайлар тарабынан иштетилген кен байлыктар өтө арбын кездешет, айрымдарын атап кетели.

1. Дара аймагында "Кан" (кен) деген айыл бар, ал жерде кен байлыктарды иштетүүдөн калган шлактар ошончо кылым карытып сакталып калган.
2. Көк-Суу дайрасынын чыгышдагы Айдар-кен сымап кени. "Айдар", "кен" сөздөрү кыргыз эле сөздөрү.
3. Рават аймагында "Андыген" (анда кен) деген жерде дөбөчөдө "Дүкөн" аталган устакананын орду бар, асты көңдөй экендиги билинип турат. Иштетүүдөн калган шлактар сакталып калган.
4. Самаркандек аймагында "Мадыген" (мында кен) деген жерлердеги кен иштетүүдөн калган шлактар, жомоктогудай байыркы дарактар бар.
5. Дүйнө окумуштууларын кызыктырган "Канигун" (гунндардын кени) аталган, кытайлар иштеткен бул кен тууралу Ибн-Сино да эскерип кеткен.

Ошентип, Кен, Айдар-кен, Анда-кен, Мында-кен, Гунндар кени, дагы ушул сыяктуу аталыштар, айрыкча "Баткен" аталышы кыргыздар байыртадан байырлап келген жерлерин өз тиллеринде эле айтышып, даңазалап келгендигинен кабар берип турат.

Кытай летописинде кыргыздар күн кечирип келе жаткан аймактардын батыш жагында кен байлык арбын болгондон "Батыш кендери" аталган болсо, бул көз караш СССРдин тушунда да геологиялык изилдөө жүргүзүлүп бекемделет. Тоо-кен чалгындоо кызматы даярдаган маалыматта, Кыргызстандын аймагындагы бардык тоо-кендердин дээрлик 50%ы Баткен аймагында деп берилген. Демек, "Баткен" аталышы "шамал кени" эмес, "батыш, бат, мол кен" маанини берет экен.

Бирок бир парадокс, Кыргызстан боюнча тоо-кен корунун 50%ы да, миграциянын 50%ы да Баткенде.

Бул китептин 20 жыл мурда чыккан 1-басылышында: "Чыңалып турган абалды коркунучтуу синдром катары баалап, ага карата ийкемдүү жолду таап, бул көз караштты биротоло өчүрүп салуу өтө зарыл. Антпесе, түбү жакшылыкка эмес, эки элдин ортосуна оңолгус бүлүк алып келет. Албетте, башка элдеги түшүнүктү ошол элдин бийлиги гана өзгөртө алат деңизчи, ошондой болсо да, жагдайдан улам, андай көз караштарга жооп катары, айрым чиновниктердин тарыхка назар сала жүрүшсүн деп, тажик-кыргыз элдеринин кандаш эл экендигин, тарыхый дарсктер менен элибизди кабардар кылып, аны тажик тилине которуп кошуналарга сунуш кылуу зарыл." деп жазган экенмин.

Бирок, андай болбоду, айтылып келет го, «кыргыз бийликке келгенде өзүн акылдуу сезип калат" деген, ансыңары, «"акылдуу" болуп калган адамга тарыхтын эмне кереги бар?» деген мезгил болуп өттү.

Ошол мезгилде кыргыз-тажик элдеринин тарыхы, биримдиги тууралуу тарыхый маалыматтар бул эки элдин ичтеринде жана ортосунда талкууга алынганда, талашсыз түбөлүк достукту орнотууга, чыңалууну биротоло жоюуга негиз жаралмак, касташуу болмок эмес, аттиң, момент кетти, бирок али да кеч эмес.

Мына эми, Сангиновдун Исфара паркына директор болуп келгендеги сый олтурушта, бардык идеологдор алдында, анын сөзүнө байыркы фарсы тарыхтарынан материалдарды көрсөтүп, далилдеп берген маалыматтар тууралуу кайрадан тизмектеп айтып берейин.



## II. Алгач, өтмүшкө кыскача назар,

Орто Азия аймагында **алгач** кандай элдер жашап, абереген катары ээлик кылып турушкан эле?

Бүгүнкү күндөрү Орто Азия аймагында дүйнөдөгү дээрлик бардык элдердин өкүлдөрү өз тилдеринде сүйлөп, жашап, алар менен кошо дүйнөдөгү бардык диндер да өздөрүнүн миссиясын аткарып келишет.

Өтмүшкө саякат катары бүгүнкү күндөн артка карай назар кылсак, эң акыркысы болуп Орто Азия аймагына болгон миграция Совет бийлигин орнотуу учурунда болсо, андан мурда Россия падышачылыгы тарабынан жасалган ээлик кылуу экспанциясы менен жасалган эле. Бул окуялардан мурда "калмак доору" жана Чыңгыз-хандын басып алуусу учурларында жаңы элдердин пайда болуусун жаратат. Андан беш кылым нары, Орто Азия аймагын исламдаштыруу учурунда бул аймакта жаңы "тажик" этносу пайда болот. Ал эми биздин эрага чейин Орто Азияга алгачкы болуп Искендер Зулкайнардын (Македониялык Александр) басып кирүүсү ийгиликсиз болсо да, айрым башка элдин отурукташып калышына себепчи болгон болучу.

Түрк тектүү элдин тарыхы эки жолу кыйроого душ болот. Чыңгыз-Хан тарабынан илим борбору болгон өтө кооз Отрар (Фараби) шаары кыйратылып, андагы баалуулугу жагынан дүйнөдө 2-орунда турган китеп казнасы өрттөлүп кетет. Андан кийин, Совет доорун орнотуу учурунда, Кокондо, Аксыда, Овлуя-Атада түрк элдеринин тарыхтары, адеп-ахлахы тууралуу китептери өрттөлүп жок кылынат. Бирок тарыхый маалыматтар башка хандыктарда, жерлерде сакталып калган эле.

Искендер Зулкайнарга чейин Орто Азия аймагында тили бир, үрп-адат каада-салты бир, жашоосу окшош **Сыр, Мык, Сок, Таз** деген түрк тектүү төрт гана эл ээлик кылып жашап турушуптур, тарых барактарын аңтарып, бул доородо бул элдерден башка элдин бар экендиги тууралуу маалымат табуу мүмкүн эмес.

Биздин эрага чейин 1000 жылдан наркы Сыр, Мык, Сок, Таз элдери дүйнөлүк тарых казналарында "Сир", "Мух", "Согд", "Таз" болуп кездешет, бирок ыңгайсыз болгондон уламбы, орус тарых булактарында бул төрт эл тууралуу изилденбей, эскерилбейт. Бирок азыркы технология заманында маалыматты табуу кыйын эмес.

Сейрек болсо да тарых булактарында "Сир" аты менен белгилүү болгон Сыр эли улуу дарыяны бойлой жашашып, ошондон улам Сыр-Дарыя аталыптыр. Сир жана Мух элдери жаңы жерлерге "Улуу Көч" жасап, Европа аймактарына отурукташкандыгы байыркы жана орто кылым тарыхтарында кеңири жолугат. Сир эли тууралуу маалыматтар арбын болсо, Мух эли, алардын түпкү ордосу жана бүгүнкү жерлери тууралуу тарыхый маалыматтар археологиялык эстеликтер сакталып да, далилдп да турат. Баткен аймагында "Мык гөрлөрү" деген ат менен белгилүү болгон кургандар, мазарлар өтө арбын кездешет. Мына ушул эл Европа аймагында пайда болгондо, гунндар болгондон улам алар отурукташкан аймак "Гунгария" аталып, андан "Венгрия" аталыш келип чыгат. Венгерлер өздөрүн "мадяр" аташып, алардын "байыркы венгер тили" кыргыз тили менен, айрыкча Баткен диалектине окшошуп турат.

Ал эми Орто Азия аймагынын ээси болуп түптүү эл катары Сог жана Таз элдери калышат. Мына ушул эки эл менен фарсылардын ортосунда "тажик" деген этностун кандайча пайда болгондугу, бүгүнкү тажик тарыхында кездешпейт. Ар кандай эле элдин түпкү пайда болуу чындыгы болот эмеспи, бирок бурмалоолор чындыкты чаңдатып келет. Мындай окуя орус элинин түпкү пайда болуусу тууралу тарыхый маалыматтар бурмаланып кеткен. Ага окшоп, "тажик" этносунун пайда болуусу тууралуу чындык да бурмаланып кеткен сыяктуу.

Анда, байыркы жана кийинки совет доорундагы тажик окумуштуулары өздөрү жазып калтырышкан тарыхый маалыматтарга назар салып көрөлү.

## III. Орто Азия элин исламдаштыруу

Арабстанда ислам халифаты орноп. 640-жылдан баштап исламды жайылтуу идеясы жанданат. Мухаммед с.о.в.с. "Маверанахр" (дарыянын аркы жагы) деп атаган Орто Азия аймагын исламдаштыруу үчүн 654-жылдан баштап кызуу даярдык көрүлө баштайт. Халифаттын аймактарынан 50 миң араб үй-бүлөлөрү Ирандын Куф, Басра жерлерине көчүрүлүп келинип, алар 5 горнизонго бөлүнүп жайгашып, халифат өкүлдөрү дайындалат.

Маверанахрга алгач 673-74, 676, 680-83, 704-ж.ж. кол салына баштайт. Араб халифатында бийлик тез-тез алмашып тургандыктан, кол салуулар ыйык динди жайылтууга караганда да талап-тоноолорго көбүрөөк мүнөздүү болуп, жеңүүлөр туруктуу боло албай турду.

Халифат башчылыгына Абд-ал-Малике Марване (685-705 ж.ж.) келгенде, мамлекет бир топ туруктуу болуп, саясий деңгээли жогорулай баштайт. Марване халифаттын бөлүгү болгон Вавилондун (Иран, Ирак) Хорасан аймагына башчы кылып арабдардын «бахили» уруусунан Кутейба-ибн-Муслиманы дайындайт.

Б.э.ч. мезгилде, Зулкайнардын (А.Македонскийдин) мизин Даван, Чаш аймактарынын ээси болгон **мык, сыр, сок, таз** эли кайтарган эле. Мына эми, 705-жылы Маверанахрга Кутейба башында турган араб аскерлери басып кирет. Теңир динин тутунган эл катуу каршылык көрсөтүп, бирок күчтүү акерге жеңилет.

Кутейба ислам динин жайылтууда ийкемдүү жолду пайдаланат, исламды кабыл алгандарды налогдордон бошотуп, ал эми динди үгүттөөчүлөргө жер-суу бөлүп берип, казнадан кошумча акы да төлөп турат.

Кутейбанын ордосу Даван (Фергана) чөлкөмүндө, азыркы Баткен аймагында жайгашканы, бул аймакты арабдар "Исама-бен-Абдаллах-аль-Бахили" деп аташкан өрөөн тууралуу маалымат териге жазылып, Иордания королдук китепканада сакталып калган. Бул багытта бир топ иликтөө иштери аткарылды.

725-жылы Кутейба сырдуу өлүмгө дуушар болот, анткени Халифатта саясий абал өзгөрө баштаган эле. Фергана, Чашта согд жана таз элдери өз бийликтерин, диндерин кайра орнотушат. Бирок алардын боштондугу узакка созулбай, 10 жылдан кийин кайгылуу окуялар менен түбөлүк өзгөрүүгө дуушар болушат.

Араб халифатында халиф болуп Хишаме келгенде, ал халифаттын Хорасандагы өкүлчүлүгүнүн башчылыгына Наср-аль-Сейярды дайындайт.

Наср-аль-Сейяр 735-жылы Маверанахрга күчтүү кол менен басып кирет. Таз жана Согд элдеринин ата-мекени, теңир дини үчүн кармашуусу кызыл кыргын менен аяктап, алардын кылым карытып келген эркин жашоосу, теңир дини жана акыркы он жылдык боштондугу да биротоло токтотулат. Бул мезгилде ооп кеткен Сир, Мух элдери европалашып отурукташып калган эле.

Аль-Сейяр Таз жана Согд элдеринин ислам динине туруксуздугун байкап, башкача, мыкаачы жолун ойлоп табат. Ал Хорасандан исламдашып калган фарсылардан 20 миң куралсыз жөө адамдарды алып келет. Аларды 100-120 адамдан турган топторго бөлүшүп, ар бир топ башына үй-бүлөлүү араб дин кызматкери дайындалат. Бул араб миссионерлери Фергана өрөөнүндө "кожолор" аталып, отурукташып үрп-адаттарын сактап келишет. Ушул теги араб болгон "кожолор" иликтенип, "Кожолор жана Эшанзадалар баяны" деген ат менен илимий санжыра китепче даярдалып басмадан чыгарылган.

Хорасандан алынып келинген жөө адамдарды артка кайтара турган күч, таз-согд аскери жок болучу. Жөө адамдар согушуу үчүн эмес, а таз жана согд элдерин жаңы динге киргизүү миссиясы менен алынып келинген эле. Ар бир хорасандык жөө аскерге зордук менен 2-3төн согд, таз аялдары алынып берилет.

***Ошентип, хорасандык фарсылар менен жергиликтүү таз жана согд түргеш аялдарынын ортосунан жаңы «тажик» деген этнос пайда болот.***


Хорасандан алынып келинген жөө аскер арабдар жайгашкан «Исама-бень-Абдаллах-аль-Бахили» аталган азыркы Баткендин айланасына төрт горнизон болуп жайгаштырылган элс. Ал горнизондор азыркы калкы жыш Өзбекстандын Сох, Тажикстандын Сурх, Варух, Чоркух элдүү пункттары болуп калды.

«Исама-бень-Абдаллах-аль-Бахили» тууралуу бай даректүү маалыматтар Иордания королсвствосунун китепканасында сакталып турса, бул ордонун, андагы сепилдин жана арабдардын көрүстөн калдыктары Баткен районунда сакталып, азыркы күнү изилдөөгө мухтаж болуп күтүп жаткан кези.

Тажиктердин Баткендин айланасында жыш жашап, отурукташып калуу себептери мына ушундай.

***Ушул айтылгандарга тарыхый далилдер барбы?***

***Албетте бар! Ал далилдер байыркы, алгачкы фарсы тарыхчысы Наршахи жазып калтырылган, кызыгы, ал маалымат фактылар тажик тарыхтарына киргизилбей калган, балким элдин аброюна шек келбесин деп атайын жашырылган болуусу да мүмкүн.***




"Саң-Сарай" (Таш-Ордо) тарыхый этнографиялык музей коругунун Акташ-Атадагы арабча таш жазуулар.

## III. "Тажик" этносу тажик булактарында

"Тажик" этносунун пайда болуусу тууралу байыркы фарсы тарыхчысы Абу Бакр Наршахи жазып калтырган. Абу Бакр фарсы, самониян, тажик тарыхчыларынын алгачкысы, өтө атактуусу да болуп эсептелинет. Иран, Маверенахр жана Орто Азия аймктарындагы тарыхый окуялар тууралуу маалыматтар, анын бири "Шах-нааме" да Наршахинин жазмаларынан алынып, бүткүл тажик тарыхчыларынын жазмалары Наршахиге негизделген. Мына ушул чындык талкуу үчүн өтө маанидүү.

Атактуу Абу-Али-ибн-Сина (Авицена) дарыгер гана эмес, улуу ойчул философ, тарыхчы да болгон эле. Ибн Сина тууралу Л.Солдатзе башында, 10 өзбек, тажик тарыхчы аалымдар тобу тарабынан 1985-жылы Ташкент шаарында "Гафур Гулям" басмасынан "Авицена" деген китеп жарык көрөт. Мына ошол китептин 98-бетинде мындай тарыхый маалыматтар келтирилет:

***«...Ибн-Сина Наршахиден буларды окуйт: 725-жылы полководец Кутейба өлүп, Бухарада көтөрүлүш чыгып, Жетисудан тургештер (согд, таз) жардамдашат. Арабдар жеңилип,*** **согдылар** ***бийликке келишет. Бирок, 734-жылы Бухара, Самарканд, Чач, Фергана эли кайра, халифат өкүлү Наср-аль-Сейяр жетектеген араб аскеринен жеңилет. Согдлар үчүн он жылдык боштондук кымбатка турду, согд, таз аскерлери катуу кыргынга учурады. Элди мусулманга киргизүүдө туруксуздукту байкаган араб полководеци Хорасандан фарсы аскер алып келет. Бул аскер согушуу үчүн эмес, согуша турган эр калбаган болучу, исламды бекем орнотуу максатында алынып келинген болучу. Хорасандык фарсыларга таз, согд аялдарын зордуктап алып бере башташат. Натыйжада, фарстар менен таз, согд аялдарынын ортосунан жаңы этнос –*** **тажиктер** ***– пайда болду.»***

Бул маалыматтан эмнени байкого болот?

***Мында, "тажик" деген этнос пайда болгонго чейин эле*** **согд** ***деген элдин болгондугу жазылып турат.***

Наршахи, «биринчи "тажик" 736-жылы жаралган» деген маалымат бериптир. Анда, жаңы пайда болгон эл кантип "тажик" деген атка конду болду экен?

Дагып эле тажик булактарына кайрылалы.

Тажик ССРинин I катчысы катары өлкөнү 20 жыл башкарган, Тажик ИАнын Президенти, СССР ИАнын мүчө коррепонденти, тарых илиминин доктору, академик Бобожон Гафуров Союздук Республикалар башчыларынын ичинен эң илимдүү эл башчы болгон. Анын урматына Хожендке жанаша шаар "Гафуров шаары" аталып, анын абройлуу музейи уюшулган. Б.Гафуров тажик эли үчүн улуу инсан болуп саналат.

Мына ошол атактуу Бобожон Гафуров "Тожикон" ("Тажиктер") аттуу тажиктер тууралу 2 томдук тарых китебин даярдаган. Мына ушул илимий эки томдуктун 2-томунун 92-бетинде мындай маалымат берилет:

***«IX-X кылымдарда тажик тилиндеги адабияттар кеңири өнүгө баштайт. Мавераннахр жана Хорасанда чоң этнос түптөлүп, ал топ өзүнүн этникалык "тажик" деген атына X-XI кылымдарда ээ болот. Абул-Фазль-Бейхаки, 1043-44-жылдары султанга жакын адамдардын "бизде тазиктерде...» дегенинен, алгачкы жолу "тазик" деген сөздүн оозго алынгандыгын айтат. Бейхаки 1040-ж. Дендахандын алдындагы салгылашуу тууралу баян кылып, кытайлар менен болгон кармашууда индлер, арабдар, курддар чегинип качышып, тазик аскерлери катуу кармашкандыгын эскерет.»***

Ошентип, Бобожон Гафуров, "тажик" этнониминин чыгышын "таз" деген элден, б.а. Орто Азиянын ээси болушкан Таз, Согд, Сир, Мух аттуу деген төрт элдиң бири, тургеш Таз элинен жаралган деп эсептейт.

Кыргыздын сарбагыш уруусунунда жана Баткендеги ичкилик тобунда "таз" уруусу кездешет.

1986-жылы Баткен райондук маданият бөлүмүнүн алдында фолклордук-топонимикалык "Мурас" изилдөө тобун уюштурган элек. Бул топтун мүчөсү Майрам эже Жоош-кызы кызыктуу маалыматты таап чыгат.

Варух айылындагы карып калган кемпир аялдын Манаска байланыштуу тажикче газал айтаарын угуп, ошону издеп барат. Оозеки газалдын мааниси, "көз жашы кырк өрүм чачындай салаалап Санира-бига Манаска кетти" деп айтылат экен, аны толугу менен эженин китебинен окууга болот. Эр Манастын аялы Каныкей, анын өз аты Санира-бига. Ордодо ханышаны фарсылар "бига", тургештер "бегим" деп аташчу.

Мына ушул жолугушууда дагын бир ачылыш болот, Варух айлындагы тажиктердин көбү өздөрүнүн түбүн, кыргыздардын таздарыбыз деп эсептешет экен. Ал эми ошол Варухка жанаша, Баткенде "Кык" деген жер да баткендик таздардын ата конушу, мекени болуп, алар жашаган айыл Булак-Башы аталып, ал жерде мектеби, почтасы боло турган, мазарлары ошол бойдон сакталып турат. Азыркы убакта "Кык" таздардын жайлоосу.

Бобожон Гафуровдун эмгегиндеги Бейхаки жазып калтырган Дендахан салгылашуусу тууралу маалымат башка орус, араб тарых булактарындагы маалыматтар менен дал келип, салгылашууда жеңишке жетишкен аскер туркий "таз" эли экендиги айтылат.

Орто Азиянын түпкү ээси болгон Таз, Согд, Сир, Мух элдери тарыхтарда "тургештер" деп берилип, алардын урпактары бул аймактагы бүгүнкү түрк тилдүү кыргыз, казах, өзбек, түркмөн, кара-калпак элдери саналат. Кыргыз, казах элдеринде "таз" уруусу кездешсе, өзбек элинде "согд" сөзү баалуу саналат, Мындай чындыктар Санк-Петербург академиясы тарабынан жок кылынып бурмаланса, Совет мезгилинде мурас катары уланып келди. Чындык канчалык жашырылса, ал вулкан сымал кайра атылып чыга берет тура.



# IV. "Согдиана", "Она-Ватан", "Тога"

Жогорттогу тажиктердин абройлуу маалымат булактары айтып тургандай, тажиктердин түпкү аталары хорасандык фарсылар, ал эми түпкү энелери түрк тектүү тургеш таз жана согд элдери экен.

Согд энелерден жаралган, таз элинен улам аталган "тажик" этносу кыргыздар үчүн жээн болуп, ошондон улам "согдиана" сөзү тажиктер үчүн ыйык саналат.

Мына ушул "Согдиана" аталышты чечмелөөдө эки түрдүү көз караш айтылып келет:

1. Тажик тил илиминде "согд" жекеликти, "согдион" көпчүлүктү билдирет. Ушундан улам тажик элинди «"согдиана" сөзү "согдион" сөзүнөн келип чыккан» деген тыянак айтылып келет.
2. Морфологиялык талдоо менен тарыхый фактылар "Согдиана" деген аталыш "согдион" сөзүнөн эмес, "согд-она" сөзүнөн келип чыккандыгын көрсөтөт. Алгачкы тажиктер «биз "согд-она" балдарыбыз» деп айтышканы эле чындыкты айтып турат Ошентип, "Согдиана" аталышы "согд" жана "она" деген эки сөздөн деп тыянак чыгарууга болот.

Бул эки талкуунун экөө тең "тажик" этносунун согд элинен келип чыккандыгын, кыргыздарга кошуна гана эмес, кандаш, тууган да эл экендигин көрсөтүп турат. Ошондон улам базар учарларда болобу, кайда болбосун тажиктер өздөрүнөн улуу кыргыз жаранына карата "тога" (тага) деп кайрылып келүүсү да бекер жеринен эмес экен. Эзелтен тажик туугандар өз мекендерин "Она-ватан" деп атап келишкен болсо, 50 жылдан бери чек аа чырларынан уламбы, бул сөздү атабай коюшту.

"Она" – эне, "ватан" – мекен.

Эки элди ушундай сөздөр, жер-суулар аталыштары, тарыхый чындыктар кылымдар бою ынтымакта кармап келсе, алардын аттарын жоготуу, же өзгөртүү, кошуна бул эки элди өз ара алыстатуусун гана жаратат.

# V. Корутунду

Баткен районунда 99,8% кыргыздар жашап, анан кантип тажик эли жыш жашашкан Варух, Чоркух, Сурх, Сох элдүү пункттарынын курчоосунда туруп калгандыгы себептерине тархый далилдерди келтирдик. Андай болсо "Баткен чөлкөмүндө бир тажик жашабаган, мазары эмес томпойгон бир гөрү жок айрым айылдар кандайча болуп фарсыча аталып калган?" деген суроо туулат.

Жогорттогу тарыхый маалыматтардан байкалып тургандай, арабдар Орто Азия чөлкөмүнүн ээси болгон тургештерди исламга киргизүүдө фарсы элин гана эмес, тилин да пайдаланышкан тура. Намазда, жаназада ниет кылуу фарсы тилинде жүргүзүлүп келди, мисалы, "нийат кардам дү ракат намози сүннат,.." болуп. Адам аттары ыйык курандан алынып, жер-суулардын аттары арабча же фарсыча атала баштайт.

***Фарсыча ат коюулардын дээрлик бардыгы, "кожолор" аталган арабдар тарабынан жасалат, бул мезгилде "тажик" деген этнос али эл болуп калыптана элек болучу.***

Кожолор Баткен, Исфара, Сох райондорунда жашап отурукташып калышса, бул аймактардагы элдер тилине жана жашоо ыңгайына жараша Союздук республикалар уюшулган учурда Баткен Кыргызстанда, Варух, Чоркух, Сурх Тажикстанда, Сох Өзбекстанда туруп калат.

Россияда француз тилин билгендер маданияттуу, билимдүү болушкан сыяктуу, Борбордук Азияга ислам динин таркатууда араб жана фарсы тилин билгендер билимдүү, абройлуу болушкан доор болот. Тарыхый, адабий, илимий жазуулар, окуулар, атоолор, башкаруу системасы, эсеп кысаптар араб же фарсы тилдеринде жүргүзүлөт. Ушундан улам, айрым адамдардын жана айылдардын түркий тилиндеги аталыштар маанисин жоготпой, айрымдары араб жана фарсы тилдеринде атала баштагын эле.

Ислам дининин келиши менен жергиликтүү тургеш элдин менталитети айрым өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Ошондой болсо да, кыргыз элинин тили, мүнөзү, каада-салты, үрп-адаты, тарыхы, оозеки чыгармалары, ал турсун күжүрмөн касиети ла сакталып калган.

Тарыхта "кыргыздын бир бөлүгүндө башчы болуп турган Аланча-хан арабдардан жеңилип Энесай тарапка ооп кетет" деген маалыматты "жалпы кыргыздар ооп кетти" деп айтуу туура эмес. Кыргыздардын басымдуу бөлүгү эч жакка кетпей эле өз жерлеринде калып ислам динин кабыл алышкан болучу.

Ошон үчүн "Кыргыздар Энисейден келген" деп эмес, "ооп кеткен айрым кыргыздар өз жерлерине кайра кайтышты" деп айтуу туура болот. Антпесе, бул аймакта эч жакка кетпей эле жашап турган түпкүлүктүү элдин гана эмес, жалпы кыргыз элинин тарыхына кедергисин тийгизип. "мына, кыргыздар өздөрүнүн кайдан келгенин өздөрү айтып жатышат, Баткен аймагы тажиктердин жерлери болгон" деген туура эмес пикирлерди жаратат, жаратып койду, ага күбө болуп келебиз. Ошон үчүн, тарыхты так билип, айта жүрүү абзел.

Тарыхчы Абытай Өмүралиев "Түрк-ата, кыргыз каганаты, Манас тарыхы" (Бишкек. 1984-ж) китебинде, ортодо Кызыл-Кыя, бетегелүү Кой-Таш арасы, чыгышы Ыссык-Көл, Чүй, Балхашка чейин, батышы Жыззак, Кашка-Дарыяга чейинки аймакта кыргыздар жашап тургандыгын көрсөтүп, арабдар келген убакта, жети аймактагы кыргыздардын бир аймагындагы Аланча-хан башында турган бөлүгү Енисей тарапка кандайча барып калгандыгын жазып калтырган.

Тарыхчы А.Өмүралиев жазып калтырган кыргыздар жашап турган аймактар элдери менен кошо, союздук республикаларды түзүү учурунда башка өлкөлөрдүн курамында калып калды. "Кыргыз" деген эл чачырап, 4,5 млну Кыргызстанда, 8,5 млну Өзбекстанда, 1,3 млну Тажикстанда, 1,5 млну Кытайда, Турция, Афганистан, Иорданияда,.. туруп калат. Ушул эмгекте, Чагатай тушунда Энесай тараптагы кыргыздар өз жерлерине кайтууга уруксат алып кайтышат.

Бул тарапта калган жергиликтүү кыргыздар ислам динин кабыл алып, дин миссионерлеринин таасири астында Абдулла, Абдумиталип, ж.б. араб аттары коюла баштайт, айрым жер-суу аттары да арабча, же тажикче атала баштайт. Бир эле учурда түркий жана фарсы тилдеринде кошмо аталуулар да пайда болот. Маргалан "Марг-Йилон" сөзүнөн чыгып, "жылан-жылан" маанисин берет. Жылан Марг (мург) – фарсча, "йилон" түркчө,

Аты арабча коюлган атуул араб болуп калбагандай эле, бир да тажик жашабаган, мазары жок фарсыча аталган жерлер тажиктин жери болуп калбайт.

***Жер-суулардын топонимикалык аттарын өзгөртпөй эле, тескерисинен анын тарыхый аталышын аныктап, облустук тарых музейин уюштуруп, маалыматтарды көрүнүктүү кылып жасап койсо ылайыктуу болмок.***

Аттарды өзгөртүү, "Мына, тажикче аталган жерлер өзгөрүп, тажиктердин жерлери экендигин моюнга алып жатышат" деген сөзүн чыгышына өбөлгө түзүп жатат.

Биздин эрага чейин 390-жылдары, тажик эли али пайда боло электе Согдион мамлекети болуп, Спитеман аттуу баатыр эле чыккандыгы маалим, аны тажиктер "биздин бабабы" дебей "биздин тогабыз" деп айтса туура болмок, тарых фальсификация болбошу керек.

Жыйынтыктап айтсак, жогорку тажик булактарында айтылган даректүү маалыматтар, Баткен аймагындагы фарсыча аталган жерлерде тажиктер жашабагандыгы, бул жерлерде тажиктердики эмес, кыргыздар алмусактан бери жашап келе жаткан жерлери экендигин далилдеп турат. Чыныгы тарых чырга жол бербейт.

Жанаша эки элдин бирин-бири өгөйлөбөй, түрдүү чагымдардан алыс болуп, ынтымакта жашоосуна толук негиз бар, чек арада чырсыз ынтымакта карым-катнаш менен жашоо үчүн тарыхый окуялар жетерлик.

# Мазмуну:

I. Баяндын баяндалышына баане ............ 4 – 10

II. Адгач, өтмүшкө кыскача назар ...... ... 11 - 12

III. Орто Азияны эллин исламдаштыруу ... 13 – 15

III. "Тажик" сөзү тажик булактарында .... 16 – 18

IV. "Содиана", "Она-Ватан", "Тога" ...... 19 – 19

V. Корутунду ........................................ 20 – 22

**Мындагы маалыматтардан кийин кайчы же кошумча пикир билдирүүнү каалагандар кайрылышса болот**

Эл. почта: **eldos-51@mail.ru**
Моб.тел: **0772 19-01-39**
**0551 534-000**

**Абдрахманов Гыламидин**
**Тарых иликтөөчү, КРнын Улуттук жазуучулар Союзунун мүчөсү.**





"Саң-Сарай" (Таш-Ордо)
тарыхый этнографиялык музей коругунун
аймагындагы Акташ-Атадагы
"кыргыз таш паспорттору"